УДК 94 (575.2) (04)

***Каратаев Олжобай Каратаевич,***
*т.и.д.,профессор, Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институту,*
*КР УИАнын Түштүк бөлүмү*
***Каратаев Олжобай Каратаевич,***
*д.и.н., профессор, Институт гуманитарно-краеведческих исследований*
*Южного отделения, НАН КР*
***Karataev Olzhobai Karataevich***
*doctor of historical sciences, professorInstitute of humanitarian and regional studies of the Southern Branch, NAS KR*

## ДАГЫ БИР ЖОЛУ “УЧА” САЛТЫ ТУУРАЛУУ

**Аннотация.** Кыргыздарда олжолорду кадыр-барктуу бөлүштүрүүнүн «уча» деп аталган архаикалык салты алиге чейин сакталып келет. «Курдюк» - бул же койдун, же жылкынын союлган тулку этинин куйрук жагы. Мындай олжо бөлүштүрүү салты Сибирдин түрк тилдүү жана тунгус тилдүү элдеринде кеңири таралган. «Уча» салтынын маңызы олжонун бир бөлүгүн өз уруулаштарына бөлүштүрүү болгон. Мергенчи тапкан олжосун шыралга катары бөлүшүүгө милдеттүү болгон. Мергенчи алдынан жолуккан адамга тапкан олжосунун бир бөлүгүн бөлүп берген. Мергенчи олжосу менен бараткан адамды кезиктирип, «ужа» деген сөздү омурткасынын аркасынан бир бөлүгү менен терисин кошо алып, экинчи жана үчүнчү келе жаткандары да эттин эң жакшысын кесип беришкен. Ушундай эле каада-салт “уча бер!” деген ат менен хакастардын жана алтайлыктардын арасында катталган.

Мисалы, Түндүк Алтайда шаманга үйдүн кожоюну уча алып келип берген, ал эми шаман учадан бир аз кесип алып, кадырлуу адамдарга берген. Шаман учанын этинен өзүнө да кесип алып, андан сырткары туугандарына да, ошол жерде отургандарга да кесип берип, андай соң учанын сөөгүн жакшылап тазалаган. Архаикалык «уча» салты жана «кешик» деп аталган бөлүгү мурдатан эле салт катары колдонулуп келген жана азыркы учурда да колдонулуп келе жатат. Кыргызда «кешик» жаштарга жана кошуналарга кадыр-барктуу коноктордун дасторконунан ооз тийгизүү жана тойлорго алып баруучу атайын даярдалган дасторкон (ичине ар түрдүү даамдар салынган) болуп эсептелет. Ошентип, «уча» салты мергенчилердин арасында пайда болуп, аңчылык өнөрүнөн келип чыккан, анткени уруулук түзүлүштүн жамааттык өндүрүш жана керектөө ченемдерине кайтып бара жаткан теңдөө мыйзамы күчүнө кирген. Аңчылык артелинин кайсы бир мүчөсүнүн салымына карабастан кыргыздарда олжо бирдей бөлүштүрүлгөн. Болбосо кийинки жолу мергенчиликке чыгууда ийгилик болбой калат деген ойдо болушкан. Окумуштуулардын пикири боюнча, «уча» салтын иштетүү үчүн шарттар уруулук түзүлүштүн ыдырап, коңшу жамааттын пайда болушу мезгилинде, уруулук аймактарга уруу мүчөлөрүнүн өзгөчө укугу бузула баштаганда пайда болгон, ал алгачкы уруулук мамилелердин учурунда пайда болгон деп болжолдоо алда канча ишенимдүү көрүнөт.«Уча» салты зарылдык туулган учурда элди колдоо катары колдонулган, анткени ал өз ара жардамдашуунун өнүгүшүн аныктап, нике байланыштарынын системасын өркүндөтүп, социалдык градацияларды орнотууну аныктаган.

**Негизги сөздөр:** уча тартуу, шыралга, кыргыздар, этнос, кыргыздын үрп-адаттары, этникалык маданияты, каада-салттар.

## ЕЩЕ РАЗ ОБ ОБЫЧАЕ “УЧА”

**Аннотация.** У кыргызов и по ныне существует архаический обычай престижного распределения добычи под названием «уча» – букв. «крестец», «курдюк» или задняя часть туши барана, коня. Этот обычай распределения добычи широко распространены у тюркоязычных и тунгусоязычных народов Сибири. Сущность обычая «уча» заключалась в распределении части добычи своим соплеменникам. При обращении к охотнику: «шыралга», последний обязан был поделиться трофеем. Указанный возглас предусматривал выделение почетной части добытого мяса любому встречному. Охотник-кыргыз, встретив кого-либо едущим с добычей, при слове «ужа» брал заднюю ногу с частью позвоночника и шкуру, второй и третий встречный отрезали себе также лучшие куски мяса, в итоге охотнику не остается ничего. Аналогичный обычай под названием «уча бер!» (букв. дай крестец) был зарегистрирован у хакасов и алтайцев. Например, на Северном Алтае хозяин юрты преподносил лучшую часть мяса «уча» в дар шаману, «который, приняв, обрезывает мякоть, но не всю и дарит, кому захочет из почетных людей. Этот, отрезав себе, передает другому, обыкновенно старшему себя родственнику или чужому, который, отрезав себе, отдает всем находящимся, и тут же окончательно очищают кости «уча», не повреждая их. Архаический обычай «уча» и распределение доли под названием «кешик», бытовали и бытует у современных кыргызов. В кыргызском языке словом «кешик» обозначаются остатки пищи и питья со стола знатных и почетных гостей, которыми угощают молодых или соседей, а также сам гостинец от угощений на пиру. Таким образом, обычай «уча» возник в среде охотников и берет начало от охотничьих промыслов, ибо в «вступал в силу уравнительный закон, восходящий к нормам коллективного производства и потребления родового строя. У кыргызов существовал равный дележ добычи независимо от вклада любого члена охотничьей артели. В противном случае горные хозяева могли рассердиться и не дать удачи в следующий раз. По мнению ученых, условия действия обычая «уча» возникли в период разложения родового строя и возникновения соседской общины, когда стало нарушаться исключительное право членов рода на родовые территории, представляется более достоверным предположение, что он возник при первобытно-родовых отношениях. Обычай «уча» гарантировал людям поддержку в случае нужды, ибо он обусловливал развитие взаимопомощи, совершенствовал системы брачных связей и установления социальных градаций.

**Ключевые слова:** уча тартуу, шыралга, кыргызы, этнос, обычаи кыргызов, этническая культура, традиции.

## ONCE AGAIN ABOUT THE CUSTOM OF “UCHA”

**Abstract.** The Kyrgyz still have an archaic custom of the prestigious distribution of booty called “ucha” - or the back of the carcass of a ram, horse. This custom of distribution of prey is widespread among the Turkic-speaking and Tungus-speaking peoples of Siberia. The essence of the custom of “teaching” was the distribution of part of the booty to their fellow tribesmen. This exclamation provided for the allocation of an honorable part of the extracted meat to anyone who met. A Kyrgyz hunter, having met someone riding with prey, at the word “snake” took the hind leg with part of the spine and the skin, the second and third oncoming ones also cut off the best pieces of meat for themselves, as a result, the hunter is left with nothing. A similar custom called “ucha ber!” (lit. give the sacrum) was registered among the Khakass and Altaians. For example, in the Northern Altai, the owner of the yurt presented the best part of the meat “teaching” as a gift to the shaman, “who, having accepted, cuts off the pulp, but not all, and gives it to any honorable

person he wants. This one, cutting himself off, passes on to another, usually an older relative or a stranger, who, having cut himself off, gives to everyone who is, and immediately the bones are finally cleansed “teaching”, without damaging them. The archaic custom of “learning” and the distribution of a share called “keshik” existed and continues to exist among modern Kyrgyz. In the Kyrgyz language, the word “keshik” denotes the remnants of food and drink from the table of noble and honored guests, which are treated to young people or neighbors, as well as the gift itself from the treats at the feast. Thus, the custom of “learning” arose among hunters and originates from hunting trades, because “an equalizing law came into force, going back to the norms of collective production and consumption of the tribal system. The Kyrgyz had an equal division of prey, regardless of the contribution of any member of the hunting artel. Otherwise, the mountain hosts could get angry and not give good luck next time. According to scientists, the conditions for the operation of the custom of “learning” arose during the period of decomposition of the tribal system and the emergence of a neighboring community, when the exclusive right of members of the clan to tribal territories began to be violated, it seems more reliable to assume that it arose during primitive tribal relations. The custom of “teaching” guaranteed people support in case of need, because it determined the development of mutual assistance, improved the system of marriage ties and the establishment of social gradations.

**Keywords**: teaching tartuu, shyralga, kyrgyz, ethnos, kyrgyz customs, ethnic culture, traditions.

Ар бир элдин өзүнө таандык кайталангыс маданияты, ага байланышкан салттуу каадалары, үрп-адаттары, жөрөлгө-расмилери бар. Каада-салттар, элдик расмилер аркылуу этностун заттык жана руханий маданиятын, чарбалык укладын, калк жашаган аймактын флорасы жана фаунасын иликтеп үйрөнүүгө болот. Каада-салттар, ага байланыштуу келип чыккан ар түрдүү расмилер, жөрөлгөлөр этникалык мүнөзгө ээ болуу менен этностун (этнографиялык топтун) философиялык-диний түшүнүктөрүнүн эволюциясынан да кабар берери абзел. Көтөрүлгөн маселеге кыргызтаанууда, кыргыз этнография илиминде көңүл бөлүнбөй келгендиги белгилүү (Karatayev, 2013:90).

Тамак даярдоо жана кабыл алуу маданияты да негизги жөрөлгөлөрдөн болуп эсептелген. Мындан сырткары, тамак берүү маданияты да калктын этникалык өзгөчөлүгүн аныктап турары ырас. Бүгүнкү күндө кыргыздар уюштурган аш-тойлордо сыйлуу конокторду тосууда байыртадан келе жаткан “уча тартуу” же “уча берүү” деген байыркы каада-салт, уңгулуу жөрөлгө сакталып келет. Ириде, бул салт жакшылыкка багышталып атайын союлуп, устукандалып бышырылган, сыйлуу коноктордун улуусуна, аксакалына же абройлуу мүчөсүнө тартылуучу жылкынын учасы. Аш-тойлордо гана тартылуучу “уча тартуу” расмиси кыргыздарда конок тосуу, сый көрсөтүү жана конокторду узатуу салтынын кульминациялык эң жогорку чеги болот. Бүгүнкү күндө маркумдун сөөгүн узатуу зыйнатында узактан келген куда-сөөк ж.б. сыйлуу кишилерге да жылкынын учасын тарткан учурлар кездешип жүрөт. Учага ээ болуу сый-урматын алган, той-топурга келген кадырлуу конок бул сый-тамактан ооз тийип, андан соң учанын этинен өзү каалаган конок мүчөлөрүнө, чоң сыйдын катышуучуларына да ооз тийгиздирип, даамын таттырат. Ириде, кыргыздарда жылкынын учасы эркек кишилерге гана тартылып жүрөт. Аш-тойдон, куда-сөөк тосуудан ж.б. жакшылыктан кайткан, уча тартуу сыйына ээ болгон адам өз журтуна (үйүнө, айылга) келип тууган-урук, колу-кошуналарга бул сый-тамактан ооз тийгизүү салты эзелтеден жашап келери маалым (Karatayev, 2018:48). Бул кыргыздарда “кешик берүү” жөрөлгөсү деп аталат. Уча жана ага байланышкан каада-салт, ырым-жырым менен жөрөлгөлөр баштапкы теги сакралдуу, этнографиялык мааниге ээ. Байыркы салттын түндүк алтайлыктарда (куу-кижи, куманды,

тубалар) да болгондугун XIX к. христиан миссионери, этнограф В.И.Вербицкий өз эмгегинде эскерген. “Уча” же “уджа” салты хакастарда, тываларда жана тофаларда (карагастар) кеңири жайылгандыгын этнографиялык маалыматтар да тастыктап келери маалым. Ушул эле байыркы салт “немат” деген аталыш менен тунгус тилдүү элдерде (эвенктер, эвен ж.б.) да кадыресе сакталып, колдонулуп келери белгилүү (Сирина, 2011: 310). Арийне, неолит (жаңы таш доору) доорунда (б.з.ч. 6 миң жыл мурда башталган) жашаган алгачкы адамзат коомунда келип чыккан “уча” салты өзүнүн баштапкы формасынан өзгөрүлүп, маани-мазмуну жагынан бир кыйла трансформацияга учураган. Ошондон улам, бул салт-жөрөлгөдө жана каадада ареалдык жана этнографиялык айрым өзгөчөлүктөр келип чыкан. Эзелки доорлордон бери карай жылкынын, кара малдын (уй, бука), аңдын (кийик ж.б. кайберендер), койдун омуртка жана куймулчак сөөктөрүнүн ортосунда жайгашкан мүчөсүн “уча” деп аташкан. Коомдо “учага” байланыштуу келип чыккан социалдык, чарбалык, этикалык алакалар калыптанган.

“Уча” деп ичкилик (булгачылар) кыргыздар койдун же эчки-улактын арткы бөлүгүн же карчыга менен куймулчакты аташары маалым. Ичкилик кыргыздарында (Лейлек, Баткен аймактары, Ноокат районунун бир бөлүгү, Кадамжай ж.б.) Тажикстандын (Жергетал, Мургаб кыргыздары), Өзбекстандын (кыргыздын ичкилик уруулары жайгашкан чөлкөмдөрү), Ван кыргыздарында (Түркия, Эржиес илчеси) кой-эчкинин карчыгасы жана куймулчагы “уча” деп аталып, сыйлуу конокко тартылуучу сый-тамак катары белгилүү. Мисалы, ичкилик кыргыздарында “учаны, кадырлув деп, эркектерге, дөштү аялдарга беребиз” – деп айтылат (Юдахин, 1965: 811). XIX к. орто чендеринде Цинь Кытайына кетип жаткан Императордук орус армиясынын офицери Ч.Ч.Валиханов текестик бугу уруусунун айылында токтоп калат. Ч.Ч.Валиханов дасторконго алынып келинген тамактын эң сыйлуусу кой этиндеги “уча” болорун белгилегени бар (Абрамзон, 1990:100). Демек, койдун карчыга эти (учасы) ысык-көлдүк кыргыздарда да сыйлуу эркек кишиге карата багышталып тартылган кадырлуу жилик-мүчө болгондугун байкоого болот.

Арийне, кыргыздар жашаган аймактарда малдын этинин жиликтенип (мүчө) тартылышы кээ бир жергиликтүү (ареалдык) айырмачылыктарга ээ. Бул кыргыздардагы чарбалык укладдын калыптануусуна, тотемистик-сакралдык көз караштардын эволюциялык өнүгүүсүнө байланыштуу калыптанганы чындык. Мисалы, Чыгыш Памирде (Мургаб) жана Чоң Алайда аялдарга “буйрак” (куймулчак) тартылып, койдун карчыгасы коноктorго тартылбайт. Ал эми Ноокат аймагында (муңгуш жана каңды уруулары) – “куймулчак”, Лейлек тарапта “уча” негизги сыйлуу жилик катары тартылары маалым (караңыз: Абрамзон, 1990:101).

Ал эми, оң жана сол канат кыргыздарынын көпчүлүгүндө, Чыгыш Памир кыргыздарында койдун куймулчагы куда тараптын аял-кишилерине (кудагый жана анын тууганлары) улуулатып тартыла берет. Ошол эле учурда сол кыргыздарында (мисалы, басыздарда), чоң алайлык наймандарда койдун карчыгасы коноктор келгенде казанга салынбайт, салт боюнча карчыга үй ээлеринин энчисинде калат. Бул салттын да тотемисттик, ритуалдык-магиялык маанилери бар. Бул тууралуу кийинчерээк сөз болору бышык. Карчыга (орусча – крестец) – мааниси жагынан кыргый сымал жырткыч кушту туюнтат. Мисалы, “Кары билет кааданы, карчыга билет сонону”. Соно - өрдөктүн бир түрү (Юдахин, 1965:354). Ушул макаланын автору 2003-ж. Тувада илимий экспедицияда болуу учурунда өзгөчө көңүл бура турган кызыктуу окуяга дуушар болгон. Кыргызстандан, Хакасиядан, Новосибирден (Россия) келген тарыхчыларды тувалар (тывалар) кой союп коноктошкон эле. Тосуп

алуучу тараптын берген түшүндүрмөлөрүнө караганда жергиликтүү тываларда эң сыйлуу тамак катары багышталып союлган койдун "ужасы" (тывача "ужа") болору белгилүү болду. Койдун "*карчыгасы"* жана "*куймулчагы"* эң улуу деп таанылган сыйлуу конокко тартылат. Тывалардын салты боюнча конок кааласа койдун бышырылган этинин бул мүчөсүн өзү жегенге, эгерде каалоосу болсо дасторкондоштор менен бөлүшө алган. Тывалардын салты боюнча сыйлуу коноктор эркек жана аял болсо, эркек "ужанын" карчыга бөлүгүн өзүнө калтырып, куймулчагын аял кишиге (өз аялы) ыйгара алган. Карчыганын омуртка тарабына кан акпасын үчүн сүмбө сайып коюшкан. Тывалардагы бул салттын параллелин лейлектик кыргыздардан (кесек, тейит уруулары) байкоого болот. Албетте, бул этнографиялык параллелдер сөзсүз түрдө илимий кызыгууну жаратары ырас (Karatayev. 2013:49).

Мисалы, тывалардын үйлөнүү тою учурунда күйөө бала болочок кайын атасынын үйүнө 10-20 "уча" алып келүүгө милдеттүү болгон. Сый-тамак учурунда эң сыйлуу деп аталган койдун учасын куймулчагы менен кошо коноктордун татыктуусуна тартылган. Уча куймулчагы менен анын менчигине өткөн, эгер кааласа дасторкондоштор менен бөлүшкөн, кааласа өзү менен кошо алып кеткен (Бутанаев.,Монгуш, 2005:125). Орус миссионери жана этнографы В.И.Вербицкий түндүк алтайлыктарда үйдүн ээси эттин эң мыкты бөлүгү – "учаны" сый-тамакка катышып олтурган шаманга тарткан. "Шаман "учадан" (Бутанаев., Монгуш, 2005:113) өзүнө керектүү өлчөмдөгү этти кесип алып, аны сыйлуу деп эсептелген дасторкондошуна сунган, ал да эттен кесип алып, башкасына сунган. Ошентип, "уча" сый-тамак учурунда сөөгү калганча тазаланып бүткөн.

Бүгүнкү хакастарда жана тываларда салтанат же тойлор болгондо салынган сый дасторконду "уча саларга" деп аташат. Бул термин кыргыз тилинде "уча салуу", "учанын этин тартуу" маанисин берет. Мисалга, Саян-Алтай түрктөрүндө үйлөнүү тоюнда ири малдын учасын жана төшүн казанга салышкан. Ал эми тываларда койдун бышырылган "уча этин" (тывача – "уча эди") куймулчагы менен ортого коюлуп, кожоюн тарабынан улуулатып тартылып, аягында жаш балдарга ооз тийгизишкен. Хакастарда "уча" деп аталган дасторконундагы сый эки күнгө созулган (Бутанаев.,Могуш, 2012:45). Бул параллел аркылуу жогорудагы ичкилик кыргыздарынын салты менен байланышта экендигин байкоого болот. Арийне, бул салттын байыркы мааниси кийинчерээк трансформацияга кабылгандыгын байкоого болот.

Өзгөчө, алтайлыктар менен тувалардын ортосундагы жалпылыктарга токтолуп кетүүгө негиз бар. В.В.Радлов алтайлыктарда келген коноктордун эң сыйлуусуна карчыга менен куймулчакты ыраа көрүшкөндүктөрүн байкаган. Таанымал этнограф Н.П.Дыренкова кыргыздарда үйлөнүү тоюнда болгондо өзгөчө жиликтер катары койдун учасы жана төшү боло тургандыгын белгилеген. Мындай тойдо "уча" жана "төш" тайаке (тайлар) тарапка тартылып, ал өз кезегинде төштү жээнине берген. Андан соң тамакка ооз тийилип, сый-тамак өз тартиби боюнча уланган. Бул параллелдерден кыргыздардын түштүк Сибирдин элдери менен терең этногенетикалык байланыштарын көрүүгө болот. Түштүк Сибирь элдериндеги "уча" салты тууралуу Ф.Я.Кон, Г.Грумм-Гржимайло, Л.П.Потапов, В.Дулов, С.Вайнштейн, В.Я.Бутанаев ж.б. илимпоздор өз эмгектеринде кайрылып кетишкен.

"Уча" салтынын чарбалык-экономикалык, диний-философиялык жана социалдык терең маанилери болгон. "Уча" салтынын эзелтеден келе жаткан негизги мазмуну олжону (аңды) өз уруулаштары менен тең бөлүшкөндүктө турган. Илим адамдарынын берген маалыматтарына караганда бул салттын келип чыгышы алгачкы уруулук (общиналык-жамааттык коом)

коомдогу мамилелер ыдырай баштаган мезгилге, андан соңку коңшулук жамааттык (община) чарбанын калыптана баштаган дооруна таандык болгон. Алгачкы коомдун мезгилинде аңчылыктан – мал чарбачылыгы, жыйноочулуктан – дыйканчылыктын, дыйканчылыктан болсо кол өнөрчүлүктүн келип чыккандыгы илимге белгилүү. Ырас, алгачкы жамааттык коомдон бери карай, жакынкы мезгилдерге чейин аңчылыктын адам баласынын жашоо-тиричилигиндеги ээлеген ролу зор болгон. Чарбалык укладдын бир тарамы болгон аңчылык жана ага байланыштуу келип чыккан каада-салттар, ырым-жырым, жөрөлгөлөр жарым чөлдүү түздүктөрдө, тоолуу-токойлуу аймактарда жашаган элдерде, урууларда, өзгөчө кыргыздарда чарбалык-экономикалык, диний-ритуалдык терең маанилери болгондугун соңку иликтөөлөр айгинелеп жатат.

Кыргыздарда аңчылыкка байланышкан "шыралга" салты болгон. Удан жолдуу болуп кайткан мергенчиге жолуккан киши "шыралга" деп чакырса, анда мергенчи эзелки салт боюнча "шыралга" деп чакырган кишиге атылып алган аңдын бир бөлүгүн берүүгө милдеттүү болгон. Аңдын этин алып, ыраазы болгон жолоочу "шыралгала" деп жооп айткан. Шыралгала – "аңчылыктын ийгиликтүү болушун каалаймын, жолуң болсун" маанисин туюнтат (Юдахин, 1965:922). Айрым учурларда аң уулоодон (уучулуктан) олжолуу кайткан мергенчилер үйлөрүнө куру кол келген учурлар да көп кездешкен. Себеби, "шыралга" деп чакырып, жолдон кезиккен адамдарга мергенчи атылып алган аңдын эти менен бөлүшүүгө милдеттүү болгон. Сибирь элдеринде (эвенктер, эвен ж.б.) мергенчи ири жаныбарды, мисалга бугуну же багышты олжолосо, алгачкы жолуккан кишиге анын тулку бою менен тең келген этти, терисинин бир бөлүгүн берген. Бул салт монгол тилдүү элдерде да кенен жайылган жана алардын тилинде "шорлого" деп айтылат. "Шорлого" монгол тилдүү буряттарда "*бир кесим эт*" же "*бир кесим этти бөлүшүү*" деген маанини билдирет. Мындай учурда аңды бөлүштүрүп жаткан мергенчилер "өгнө!" (кыргызча – "макулбуз!" маанисинде) – деп жооп беришкен. "Шорлого" деп айткан киши же жолоочу салт боюнча мергенчилерден өз тиешесин алган (Абрамзон, 1990:105-112). "Шыралга" же "шорлого" термининин келип чыгышы түрк-монгол тилдеринин чөйрөсүнө эмес, балким, байыркы жалпы алтай (протоалтай) тилдерине барып такалуусу мүмкүн. Ал эми Түштүк Сибирдин тофаларында, тожулук тываларда, батыш Тыванын жашоочуларында бул салт "ужа" деп аталган (Вайнштейн, 1970: 300-312). Мергенчиге жолуккан ар бир киши "ужа" деп кайрылганда, мергенчи атылып алынган аңдын этинин жана терисинин бир бөлүгүн берүүгө милдеттүү болгон.

Саян-Алтай элдеринде "уча" салтына байланыштуу дагы бир кызыктуу социалдык көрүнүш бар. Жөө жүрүп аңчылык кылган мергенчи тайгада атчан жүргөн башка аңчынын минген аты байланып турса "уча" деп чакырып байланган атты убактылуу минип кетүүгө акысы болгон. Минген аты байланып турган аңчы "уча" деп чакырган жолоочуга таанбаса да атын берүүгө милдеттүү болгон. Ырас, мингич атты убактылуу алган аңчы атты өз ээсине кайтарып берүү милдетин алган (Монгуш, 2005:122). Демек, тең бөлүшүү расмиси коңшулук община (жамаат) калыптангандан кийин келип чыккан. Себеби, бул чарбалык көрүнүш коллективдүү (жамааттык) аң улоо жана анын жыйынтыгындагы аңды бөлүштүрүүдөн айрымаланып турат.

"Уча" салты илим адамдарынын болгоолорунда жамааттык коом ыдырап бузулуп, коңшулук жамааты (коңшулук община) калыптангандан кийин пайда болгон. Коңшулук коом келип чыкканда уруунун менчигиндеги территорияда аң улоо тартиби бузула баштаган. "Учаны" талап кылуу башка урууга (урукка) таандык территорияда аңчылык кылгандыгы үчүн берилген төлөм (акы) катары кабыл алынган. Мындай көрүнүштү С.Вайнштейн коңшулук

коомдук (общиналык) мамилелер сакталган тожулук тувалардан байкагандыгын жазган (Вайнштейн, 1970: 300-312).

Ал эми бул жөрөлгө-салт хакас, туваларда – “ужа” (“уча”), тунгус тилдүү эвенктерде – “нимат” деген терминдер менен аталат. Бул салттын келип чыгышын неолит дооруна таандык экендигин белгилешкен изилдөөчүлөр Саян-Алтай элдеринде “уча” расмиси оболу жапайы жаныбарларга (бугу-марал, багыш, элик ж.б.), кийинчерээк аң терилүү кайберендерге тарагандыгына токтолушат (Вайнштейн, 1961:59). “Уча” расмиси адамдардын тотемисттик ишенимдеринин, социалдык өз ара жардам көрсөтүү салтынын (обычное право) негизинде келип чыккан. Тотемизм бир гана жаныбарларга гана эмес, тоо-таш, бак-дарак ж.б. жансыз предметтерге сыйынууну да билдирет эмеспи. Жаратылыштын кубулуштарынын алдында алсыз болгон адамдар аң уулоо учурунда бул процесстин ийгиликтүү болуусу үчүн атайын ритуалдарды аткарышкан. Аң уулоонун жыйынтыгы ийгиликтүү болсо тоо-таш, токой ээлери менен бөлүшүү расмисин аткарышкан. Себеби, кайберендер тоо ээлеринин менчик малдары болгон жана Асман менен Жер духтарынын өзгөчө көзөмөлүндө турушкан (Бутанаев, Монгуш, 2012:45). Саян-Алтай түрктөрүнүн түшүнүктөрүндө тоо-таш адамдар менен туугандык байланышта болгон имиш. Мисалы, енисей кыргыздарынын түз урпактары болгон хакастарда түпкү ата-бабаларынын бири тоо ээсинин кызына үйлөнгөн экен. Ошондуктан тоого “агалар” (хак. аталар) деп жүгүнүп урмат көрсөтүп турушчу. Эгерде аңчынын мүнөзү жакшы болуп, тоо ээлерине багыштап урмат-сый аткарса, ал жыйынтыгында ***“кежикке”*** ээ болгон (Karatayev, 2013:92). “***Кежик”*** – тывалалар менен хакастарда ***“олжо”, “ийгилик”*** маанилерин туюнтат. Бүгүнкү кыргыздарда “кешик” салты, “тойдун же жакшылыктын кешиги, тамагынан ооз тийүү”, “тууган-урук, айылдаштарды тойдун кешиги менен сыйлоо” деген маанини туюнтат. Демек, жаратылышка же фауна менен флорага аяр мамиле жасап, ага урмат-сый менен көрсөтүлсө, өз кезегинде курчап турган табият да өз “кешигин” (жапайы аңдарды) тартуулоодон аянган эмес экен (Монгуш, 2005:118). Мындан адамдардын экологияга жасаган мамилесин көрүүгө болот.

Бул салт Сибирдин түрк тилдүү элдеринде “сартых” деп да аталат. Мисалга, улуу адам өз устуканын кичүүлөргө (өзгөчө жаш балдарга) узатса, ал өз теңтуштары менен эт, сүт азыктарын тең бөлүшүшкөн. Өз кезегинде тартылган тамактын эң сыйлуусу салт боюнча (обычное право) жаш бөкөл (монг. “бөкөвүл) тарабынан дасторкондогу насиптештердин эң улуусуна тартылган. Тунгус тилдүү эвенктерде, эвендерде салт боюнча атылып алынган аңдын эң сыйлуу мүчөлөрү улууларга, кары кишилерге тартылган. Бул тартууга аңдын териси да кирген (Сирина, 2011:4). Кыргыз тектүү сары уйгурларда (сарыг угур) ритуалдык максатта курмандыкка чалынган малдын башы жана териси шамандарга (бакшы) тартылгандыгын түркolog С.Е.Малов (1907-ж.) байкагандыгын жазган.

Этнографиялык маалыматтарга назар салганда адамдардын күндөлүк жашоосундагы социалдык теңдик (теңдемечилик) мыйзамы сакталган “уча” салтынын келип чыгышы тоолуу-токойлуу аймактардагы аңчылардын чөйрөсүндө таандык экендиги байкалат. Жамааттык өндүрүшкө жана уруулук түзүлүштөгү керектөөлөргө байланыштуу келип чыккан. Адам жамааттын (коллектив) ажырагыс мүчөсү, бир бөлүгү болгон. “Уча” салты жардамга муктаж болгон адамга гарантиялуу колдоо көрсөтө алган, өз ара колдоо көрсөтүү өнүккөн, никелик жана социалдык байланыштар чыңдалган (Монгуш, 2005: 116).

“Уча” салтынын түпкү мааниси социалдык теңчиликти, катаал жашоо шарттарында азык-түлүктү тең бөлүштүрүүнү, өз ара жардамдашууну, адамдардын

социалдык жаш өзгөчөлүктөрүнө (жаш балдар, кары-картаңдар) карата колдоо көрсөтүүнү туюнткан. Жаратылыштын катаал шарттарында капысынан жолуккан адамдар бири-бирине жардам берүү (азык түлүк, тамак-аш), колдоо көрсөтүү зарыл болгон. Ашыкча болгон азык-түлүктү бөлүштүрүүнүн салттуу нормалары жана бул коомдук-экономикалык тартипти бекем сактоо социалдык жактан өз ара жардамдашууну, нике байланыштарын сактоону камсыз кылган.

"Уча" салты адамдардын жашоо шартында материалдык жактан кыйынчылыктар келип чыкканда жардам берүүчү гарантия болгон.

**Адабияттар**


1. *Абрамзон, С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко- культурные связи. – Фрунзе, 1990. – 480 с.

2. *Бутанаев, В. Я., Монгуш Ч. В*. Архаические обычаи и обряды саянских тюрков. Абакан, Изд-во Хакас. гос. ун-та им. Н. Ф. Катанова, 2005. -196 с.

3. *Бутанаев, В.Я., Монгуш Ч.В.* Обряды как отражение традиционный верований тувинцев и хакасов в XIX-XX вв. - Абакан, 2012. – 200 с.

4. *Вайнштейн, С.И.* Тувинцы-тождинцы. Историко-этнографические очерки - М., 1961. -231.

5. *Вайнштейн, С. И.* Социальная организация саянских оленеводов-охотников (тофалары) // Общественный строй у народов Северной Сибири (XVII начало XX в.). М., 1970. С. 300-312.

6. *Каратаев О.К.,Эралиев С.* Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Бишкек, Бийиктик. 2015. – 555 б

7. *Каратаев О.К.* Кыргыздардын теги, келип чыгышы, этностук-маданий байланыштары. Бишкек, КТМУ, 2013. – 367 б.

8. *Монгуш Ч. В.* Обряды как отражение традиционных верований тувинцев и хакасов в XIX-XX вв.// Автореф.канд. дисс. -Абакан, 2005. – 41 с.

9.*Сирина А. А.* Нимат: обычай дележа у северных тунгусов: [в т.ч. у эвенов Магадан. обл.] //Антропология социальных перемен.-Москва: Российская политическая энциклопедия, 2011. С. 300-320.

*10.Юдахин К. К.* Кыргызча-орусча сөздүк. Фрунзе, 1965. – 893 с.

*11. Karatayev O. K.* "Ucha" tradition kyrgyz kulture end its historical - Ethnographic counterparts\\ Karadeniz dergısı. Yıl 5, Sayı 18. S 88-94. 2013. Tyrkey.

*12. Karatayev O. K.* Siberiya Türkleri ve Kırgızlardaki Uça geleneği. II Uluslararası Tirk Kültürü ve Tarihi Sempozyumu. 01-02 Kasım. Yeditepe Üniversitesi. İstanbul. 2018. S. 45-49.